DOI:10.26104/IVK.2022.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 5, 2022

*Примкулова Ж.Дж.*

## ФИЛОСОФИЯЛЫК ДҮЙНӨ КӨЗ КАРАШТЫН АЛКАГЫНДАГЫ ОЮН КОНЦЕПЦИЯСЫ

*Примкулова Ж.Дж.*

## КОНЦЕПЦИЯ ИГРЫ В КОНТЕКСТЕ ФИЛОСОФСКОГО МИРОВОЗЗРЕНИЯ

*Zh. Primkulova*

## THE CONCEPT OF THE GAME IN THE CONTEXT OF PHILOSOPHICAL WORLDVIEWS

*УДК: 519.83*

*Бул макалада философиялык дүйнө көз караштын алкагындагы оюн концепциясы каралат, андан тышкары анда айтылгандай, Кайра Жаралуу доорунун философиялык ойломуна талдоо жүргүзүүнү жыйынтыктоо менен белгилей кетүүчү нерсе, бул этаптагы оюн олуттуу бир деңгээлде жеке адамдын жана бүткүл коомдун жашоо-турмушуна кирди. Бул, баарынан мурда, адамды изилдөөдөгү жаңы ар тараптуу багыттар иштелип чыгуусу менен байланыштуу, алсак: адамдын табияты, анын денесинин, акыл-эсинин, жанынын, чыгармачылык активдүүлүгүнүн мүмкүнчүлүктөрү ж.б.у.с. Андан тышкары, оюн өзүнүн колдонулуусунун мейкиндигин олуттуу кеңейтип, ал искусстводо, адабиятта, социалдык турмушта өзүнүн ордун тапты. Жаныбарлар менен адамдардын оюндарынын чектелүүсү байкалды, б.а. философиялык билимдин алкагында оюндун статусу акырындык менен социалдык-детерминацияланган феномен тарапка жылды. Оюн эркиндик менен зарылчылыктын мейкиндигине долбоорлошту жана оюн эркиндиктин таасын берилиши деген иллюзия жоголду.*

***Негизги сөздөр:*** *дүйнө көз караш, оюн концепциясы, адамзат, эволюция, ишмердүүлүк, технология, принцип, модель, табият, акыл-эс.*

*В данной статье рассматривается понятие игры в рамках философского мировоззрения, и, как сказано, завершая анализ философской мысли эпохи Возрождения, следует отметить, что игра на этом этапе вошла в жизнь человека и всего общества на значительном уровне. Это, прежде всего, связано с развитием новых комплексных направлений в изучении человека, например: природы человека, возможностей его тела, разума, души, творческой деятельности и др. Кроме того, игра значительно расширила сферу своего использования, нашла свое место в искусстве, литературе, общественной жизни. Наблюдалось ограничение игр между животными и людьми, т.е. в рамках философского образования статус игры постепенно перешел в сторону социально детерминированного явления. Игра спроецирована в пространство свободы и необходимости, и иллюзия, что игра есть дар свободы, утрачена.*

***Ключевые слова:*** *мировоззрение, концепция игр, человечество, эволюция, деятельность, технология, принцип, модель, природа, разум.*

*This article discusses the concept of a game within the framework of a philosophical worldview, and, as said, completing the analysis of the philosophical thought of the Renaissance, it should be noted that the game at this stage entered the life of a person and the whole society at a significant level. This is primarily due to the development of new complex directions in the study of man, for example: the nature of man, the possibilities of his body, mind, soul, creative activity, etc. In addition, the game has significantly expanded the scope of its use, has found its place in art, literature, public life. There was a limitation of games between animals and people, i.e., within the framework of philosophical education, the status of the game gradually moved towards a socially determined phenomenon. The game is projected into the space of freedom and necessity, and the illusion that the game is a gift of freedom is lost.*

***Key words:*** *worldview, games concept, humanity, evolution, activity, technology, principle, model, nature, mind.*

Философиялык мейкиндиктеги оюн феномени – бул таптакыр эле жаңы маселелердин бири эмес, бирок ошондой болсо дагы ал акырына чейин изилденбеген көптөгөн аспектилерге ээ, алардын бирөөсү болуп оюн статусу эсептелет. Коюлган маселенин мазмунун ачып берүү, баарынан мурда, философиялык мейкиндиктеги оюндун концептуалдашуусун изилдөөнү талап кылуу менен аталган макаланын негизи максаты болуп саналат. Аталган алкакта биз эки милдетти коебуз: адамзат коомундагы оюндун эволюциясына баа берүү жана анын социалдык статусун көрсөтүү.

Философиялык билимдин өнүгүүсүнүн «алтын» мезгили болуп грек философиялык эсептелет. Ошол кездеги оюн маселесинин өз алдынча илимий мейкиндик катары калыптануусу да өтө уникалдуу. Гректер алгачкылардан болуп оюндун практикалык баалуулугун белгилүү бир социалдык технология катары баса белгилешкен. Гректер – көптөгөн изилдөөчүлөр белгилегендей улуу оюнчулардан болушкан. Бирок белгилей кетүүчү маанилүү нерсе, гректер ойноп эле тим болушпастан, ага отчет бере алышкан. Алар өзүлөрүнүн оюндарын жаңы элементтер аркылуу камтышып, алардын баалуулуктарын жакшы билишкен. Бул гректердин жашоо-турмушунун маани-манызы болгон.

Оюндун маанисин андап билүү менен грек философтору анын мүмкүнчүлүктөрүн, формаларын, функцияларын изилдеп башташкан. Жашоодогу оюндун айныксыз экендигин биринчилерден болуп грек ойчулу Пифагор белгилеген. Ал дегеле ой жүгүрткөн ойчулдун жүзөгө ашырылышы болуу менен алгачкылардан болуп өзүн философ деп атап, оюнду өзгөчө технология катары таанып билген. Эгерде Диоген Лаэртскийдин айтуусуна ишене турган болсок, Пифагор жашоо – бул оюн, анда ар бири өзүнүн тандап ал-

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



ган партиясын ойнойт деп эсептеген» [5, 98-б.]. Пифагор жана анын жолун жолдоочулар бардык нерсенин башталышы катары санды эсептешкен. Анын философиялык концепциясы өзүнө оюндун элементтерин камтып турат: ойчулдун пикиринде, сандардын сыры бар, ар бир санга белгилүү бир маани ылайык келет, мисалы «4» - ден-соолук, «6» - күч ж.б.у.с. Адамзат жашоосу (тагдыры) аталган сандык маанилер менен аныкталат, ал өзгөчө бир «сандардын оюну».

Оюн идеясынын андан аркы өнүгүүсү Сократтын, софистердин, Платондун идеялары менен байланышкан.

Сократ маалым болгондой улуу оюнчу болгон. Анын далили катары Платондун «Диалогдору» саналат. Аларда кайсыл жеринде окуучу, ал эми кайсыл жеринде устаты сүйлөп жаткандыгын аныктоо кыйынга турат, алардын ой жүгүртүүлөрү бир нукта айкалышып кеткен. Улуу ойчулдар бири-бири менен ойношкон жана ошол оюндун натыйжасы болуп жаны философиялык билимдин жаралуусу саналат. «Диалогдордо» Сократ кесипкөй оюнчу катары кызмат кылат. Ал абдан оюнга берилип, курч ой жүгүртүүсү менен айырмаланган. Оюндун предмети катары ал ойломду, билимди жана сөздү колдонгон. Бирок Сократ өзүн азыркы тил менен айтканда «акушерка» деп атаган, анткени ал наристенин төрөлүүсүндө акушерканын ролу кандай чон болсо, ойунчу ойломдун жарык дүйнөгө оной келүүсүнө жардам берет.

Платондун оюнга кайрылуусу анын «Диалогдоруна» чейин эле болгондугу маалым. Өзүнүн алгачкы «Пир» аттуу философиялык эмгегинде ал жөнөкөй эмес оюн түрүндөгү олуттуу философиялык темаларга карата ой жүгүртүүлөрдү жараткан. Ал оюндун баалуулугун толугу менен андап билген, бирок аны өз алдынча философиялык маселе катары караган эмес [10, 217-б.]. Андан тышкары, Платон оюнду педагогикалык технология катары караган, андыктан анын практикалык баалуулугун окутуу процессинде так аныктаган. Ойчулдун баамында балдарды арифметикага алманы сандык катарга тизүүгө караганда, рационалдуу бөлүштүрүү жолу оюну менен үйрөтүү кыйла эффективдүү келет. Куруучу болууну самаган балдарга кичинекей чыныгы шаймандарды берип, теориялык билимдерди практикалык жөндөмдөр менен айкалыштыруу зарыл [9, 134-б.]. Оюнду изилдөөнүн негизи калыптанган, бирок оюндун табияты тууралындагы бизди кызыктырган маселе дагы эле көтөрүлө элек. Алгачкылардан болуп бул ишти Платондун окуучусу Аристотель жасаган.

Аристотель үчүн оюн адамзат жашоосунун бир бөлүгү болуп саналат. Анын үстүнө ойчулдун түшүнүгүндө оюн – бул ишмердүүлүк, ал болсо активдүүлүктүн үч түрүнө бөлүнөт: көнүл ачуулар (оюн); жакшы жүрүм-турумдар; теориялык-ой жүгүртүүчүлүк ишмердүүлүк [1, 143-б.]. Таасын болгондой, Аристотель оюнда социалдык көрүнүштү көрөт, андыктан аны адамзат ишмердүүлүгүнүн бир түрү, демек, жашоо-турмуштун маанилүү бөлүгү менен жакындаштырат. Болбоду дегенде оюндун маанилүүлүгү жана статусу туурасындагы башка эскерүүлөрдү андан таба албайбыз.

Белгилей кетүүчү нерсе, байыркы адам өзүн толугу менен оюнга берген кичинекей бала сыяктуу активдүү, ар түрдүү ойнойт жана бул табигый түрдө болот же баарынан мурда ошондой иллюзия жаралат. Орто кылымдар дин менен тыгыз байланышкандыгы белгилүү. Теоцентризм – аталган доордун философиялык ойломунун үстөмдүк кылуучу принциби. Жогоруда айтылгандарга ылайык белгилей кетүүчү нерсе, оюн антикалык жана орто кылымдык коомдун жашоо-турмушунда активдүү иш алып барган, бирок оюндун эпистемологиялык мейкиндиги дагы деле болсо калыптана элек. Оюндун ачык формасындагы эркин активдүүлүгү туурасында кеп кылыша элек, бирок коом аны акырындык менен андап билип, тажрыйба жүзүндө ишке ашырууда.

Оюндук мейкиндиктин андан аркы тагдыры Кайра Жаралуу доорундагы гуманитардык билимдин өнүгүүсү менен байланышкан. Аталган мезгилдеги дүйнө көз караш адамдын билиминин корпоративдик, чиркөөлүк-схоластикалык негиздерден бошонууга негизделип, анын активдүү ишмердүүлүгүн ачып берүүнү шарттаган, демек, адамдардын жашоо-турмушундагы оюндук моделдерди колдонуунун чектери кенейген. Ренессанс мезгилиндеги философиялык билимдин башкы звеносу болуп антропология эсептелген. Оюн аталган окуунун бир бөлүгүн түзгөн. Адамдын жаныбарлар чөйрөсүнөн бөлүнүп чыгуусу менен анын өзгөчө белгилери эле эмес, социумдагы оюндун табияттагы оюндан болгон олуттуу айырмачылыктары так белгиленген. Мындай идеяларды биз XV к. гуманист Джовани Пико делла Мирандоланын «Речь о достоинстве человека» аттуу эмгегинен көрө алабыз [8, 94-б.]. Ал адам примитивдүү (жаныбарлар, туюмдук) эле эмес, жогорку (социалдык) оюндарга жөндөмдүү экендигин көрсөтөт [8, 96-б.]. Адамдын мүмкүнчүлүктөрүнүн кенири спектринин баштапкы жана дегеле жеке себеби анын акыл-эсинде катылган, ал аны эркин кыла алат, ал эми оюн эркиндике жетүүнүн жана зарылчылыктан кетүүнүн өзгөчө бир вариативдүү ыкмасы болуп саналат.

Оюндун маани-манызы туурасында көрүнүктүү ойчул жана теоретик Леон Баттис Альбертинин эмгектеринде айтылат. Анын башкы постулаты – табият дүйнөсүнө кирүүсү адамды зарылчылык мыйзамына баш ийдирип, анын бактысына балта чаап, жыргалчылыктан жана ал тургай жашоодон ажыратууга жөндөмдүү келген жөнөкөй учурдун – Фортунанын соккуларына каршы салмакты түзөт. Фортуна менен болгон катаал күрөш үчүн адам ага өзүнө төрөлгөндө эле

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



берилген күчтү табуусу керек. Белгилей кетүүчү нерсе, мындай күрөштүн ыкмасы катары адам оюнду кабыл алган. Ал адамдагы социалдык жана табияттык башталыштардан болгон эркиндикти билдирүү. Оюнда адам алардын таасиринен куткарылат. Адамдагы болгон бардык жөндөмдүүлүктөрдү Альберт virtu (итал. - «каармандык», «жөндөмдүүлүк») түшүнүгү менен бириктирет.

Кайра Жаралуу доорунун философиялык ойломуна талдоо жүргүзүүнү жыйынтыктоо менен белгилей кетүүчү нерсе, бул этаптагы оюн олуттуу бир деңгээлде жеке адамдын жана бүткүл коомдун жашоо-турмушуна кирди. Бул, баарынан мурда, адамды изилдөөдөгү жаны ар тараптуу багыттар иштелип чыгуусу менен байланыштуу, алсак: адамдын табияты, анын денесинин, акыл-эсинин, жанынын, чыгармачылык активдүүлүгүнүн мүмкүнчүлүктөрү ж.б.у.с. Андан тышкары, оюн өзүнүн колдонулуусунун мейкиндигин олуттуу кенейтип, ал искусстводо, адабиятта, социалдык турмушта өзүнүн ордун тапты. Жаныбарлар менен адамдардын оюндарынын чектелүүсү байкалды, б.а. философиялык билимдин алкагында оюндун статусу акырындык менен социалдык-детерминацияланган феномен тарапка жылды. Оюн эркиндик менен зарылчылыктын мейкиндигине долбоорлошту жана оюн эркиндиктин таасын берилиши деген иллюзия жоголду. Анын кээ бир детерминанттары ачыка чыкты: адамдын табияты, анын мүмкүнчүлүктөрү, акыл-эси, коомдук мыйзамдары ж.б.у.с.

Антропологиялык мейкиндиктеги оюн идеясынын өнүгүүсү Жаны Мезгилде да активдүү улантылган. XV-XVI кылымдарда искусстводо кайрылган оюн адамдын жана анын жашоо-турмушунун идеалдаштырылган келбетин түзгөн. Объективдүүлүк өзүнүн ондоп-түзөтүүлөрүн киргизген жана ойчулдардын эмгектеринде тартылган сүрөт менен реалдуулуктун ортосунда ажырым сезилген. Бул жерде илим жана анын тез өнүгүүсү олуттуу таасирин тийгизген. Кандайдыр-бир деңгээлде улам өсүп бара жаткан аталган ажырымды кыскартуу үчүн адам «жасалма» социалдык оюндарга кайрылат. Анын далили катары дүйнөлүк драматургиянын жана театрдын өнүгүүсү кызмат кылат.

Бир алып караганда, оюнга жана реалдуу турмушка бөлүштүрүү болуп жаткандай сезилет. Чындыгында оюнду азыр башка, тагыраак айтканда гносеологиялык көз караште карашат. Жаны Мезгилде биринчи планга тааным маселелери чыгат [4, 272-б.] жана бул жерде оюн дүйнөнү таанып билүүнүн бирден-бир ыкмасы катары кызмат кылып, бир эле мезгилде дүйнө тааным менен дүйнө түшүнүмдүн өзгөчө бир ыкмасы болуп калат

Белгилей кетүүчү нерсе, Жаны мезгилдеги философиядагы оюндун статусу дүйнө көз караш эволюцияланышкандай эле алмашып турат. Айтылуу Шекспирдин айтканы боюнча: «Бүткүл дүйнө – театр, ал эми андагы адамдар – актерлер. Алардын чыгуусу жана кирүүсү бар. Алардын ар бири бир эле ролду ойношпойт» [15, 318-б.]. Ал жашоодогу оюндун ролун объективдүү таанууну эле көрсөтпөйт, оюн – бул адамдын адам болуу ыкмасы, ошону менен бирге анын социалдык табиятын баса белгилейт.

Театрдын жалпы үстөмдүгү (сценада жана жашоо-турмушта) Агартуу доорундагы оюнга болгон жаны мамилени жаратты. Алгачкы жолу мындай тезис Вольтердин эмгектеринде жанырган, анда ал жашоонун театралдашуусунун бардык формаларына активдүү каршы чыккан [2, 169-б.]. Ошол эле өнүттү Ж.Ж.Руссо да карманган. Ойчул бир канча жолу өзүнүн замандаштарынын жүрүм-турумундагы таасирлүүлүктү белгилеген, ал нукура адамзат маани-маанызын аралаштырган [11, 59-б.].

Оюн классикалык немис философиясында реалдуу философиялык маселелерден болуп калган жана бул жерде И.Канттын эмгеги зор. Немис ойчулунун эмгектеринде оюн эстетикалык окуунун негизинде каралат. Анын пикиринде, оюн ачык түстөгү эстетикалык өзөкө ээ, албетте, аталган тезис анын социалдык табиятын баса белгилейт. Анкени менен Кант оюнду адамзаттык (искусство) жана табияттык (табигый) деп экиге бөлүп карайт. Оюн, анын пикиринде, анын көрүнүшүнүн чөйрөсүнө карабастан бирдей баалуулука ээ [7, 356-б.]. Канттык философияга болгон талдоо көрсөткөндөй, ал оюнга онтологияны, гносеологияны жана эстетиканы камтып турат. Бул оюн феноменин көп кырдуулугу менен көп маанилүүлүгүн көрсөтүп турат.

Эстетикалык окуудагы оюндун ээлеген ордуна мүнөздөмө берүү үчүн Ф.Шиллердин оюн концепциясын кыйла кылдат карап чыгуу талап кылынат, андыктан оюндук социалдашуунун башталышы аталган ойчулдун эмгектери менен байланыштуу. Шиллер үчүн оюндун социалдык статусу айныксыз: «Адам сөздүн толук маанисинде адам болуп эсептелгенде гана ойнойт жана ошол ойногон мезгилде гана чыныгы адам болуп саналат» [16, 706-б.]. Чындыгында, эгерде оюнду ан-сезимдин деңгээлинде карай турган болсок, анда оюн жаныбарлар, табияттык дүйнөдө оюн болбой калат, анткени ал жакта өзүнүн иш-аракеттерин оюндук катары квалификациялабайт.

Оюн теориясынын андан аркы эволюциясы оюндагы табияттык менен социалдыктын бирдиктүү иш-аракеттерин изилдөө менен байланышкан, анда оюндук мейкиндиктин кенейүүсү тууралу маалымат берип турат. Бул XIX экинчи жарымында жана XX кылымдын башында калыптанган оюндун заманбап концепциясынын бирден-бир негизги маселелеринен болуп саналат. Оюндагы табияттык башталыштын артыкчылыгын Г.Спенсер менен К.Гросс белгилешип, алар кандайдыр бир деңгээлде аталган башталышыты

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



абсолютташтырышкан. Алар оюнда табият, кыймылдаткыч күчтөр, функциялар кызыктырарын так баса белгилешкен. Оюндун табиятын Спенсер төмөндөгүчө аныктаган: бул ишмердүүлүк биологиялык иш-аракет болуп саналат. Аталган тезистин негизи болуп жогорку жаныбарлардын кээ бир өкүлдөрүнүн жүрүм-турумдарын талдоого алуу кызмат кылат. Өзүнүн изилдөөчүлүк эмгегин ал мындай сын көз караш менен аяктайт: «Иш-аракеттер коштогон рахаттануулар көпчүлүк учурларда иш-аракеттер коштоп, жаныбардын жашоосунда үстөмдүк кылуучу ролду аткарган рахаттануулар. Ошондуктан оюн деп аталган мындай иш-аракеттердин биринчи формасы сезимдик-кыймылдаткычтык аппараттын ашыкча ишмердүүлүгүндө көрүнүп, жаныбарлардын иш-аракеттери менен башкарат» [12, 118-б.]. Ошентип, биз оюнду изилдөөдөгү эволюциялык ыкма менен кездешебиз.

Бирок Спенсер оюндун кээ бир тараптары менен көрүнүштөрүнө гана токтолуп кеткен. Г.Спенсердин биологизатордук ыкмасын немис психологу К.Гросс колдоого алып, аны өнүктүргөн. Адамдын жана жаныбардын оюндары тууралсындагы өзүнүн китептеринде ал Спенсердин артынан жаныбарлардын жогорку түрлөрүнө таандык болгон оюнду берген. Анын үстүнө өзүнүн түшүндүрмөсүн ал табигый тандоо принцибине толугу менен курган. К.Гросстун пикиринде, жаныбарлар шык-жөндөмдөрүн иштеп чыгып, өркүндөтүү үчүн ойношот. Наристелер чондордун жашоосу үчүн зарыл болгон жөндөмдөрдү өркүндөтүшөт. Чондор бала, жаш кезинде оюн рахат алуу менен коштолгондуктан ойношот [3, 121-б.].

Оюндагы биологиялык башталышты абсолютташтыруу К.Гросско табияттык жана социалдык оюндардагы айырмачылыктарды байкоого шарт түзгөн эмес. Н.Т. Казакова акыйкат белгилегендей, «…табият менен коомдогу оюн – бул ар башка оюндар экендигин эстен чыгарбоо керек» [6, 138-б.]. XX кылымдын ортосунан тарта оюндун психологиялык аспектилери активдүү каралып баштаган. Бул, баарынан мурда психологиянын философиядан, физиологиянын педагогикадан бөлүнүп чыгуусу жана анын өз алдынча илим болуп калыптануусунан улам келип чыккан. Немис психологу В.Вундттун, австриялык психолог З.Фрейддин, немис психологу К.Бюлердин оюндун психологиялык теориялары оюнду социалдык мейкиндике так киргизишкен.

Оюндун заманбап концепциясында башка көз караштар да кездешет. Алсак, Й.Хейзингдин «Homo Ludens» («Ойноочу адам») аттуу эмгегинде, баарынан мурда оюндун мотивдери каралат [14, 8-б.]. Бул маселе К.Бюлерди да кызыктырат, анда оюндук ишмердүүлүк рахат алуу үчүн гана жасалат. В.Вундт өз кезегинде психикалык процесстер аркылуу оюндун социалдык табиятын көрсөтөт.

Демек, макалабыздын сонунда белгилей кетүүчү нерсе, оюн философиялык категория катары «табият-коом-адам» системасында иш алып барып, алардын болмушунун өзгөчө виртуалдык өз алдынчалуулугун чагылдыруучу, өзүндөгү максаты бар, эркин, спонтандуу активдүүлүгү менен мүнөздөлүүчү бүтүн, динамикалуу түзүлүштү (процесс, ишмердүүлүк) билдирет.

**Адабияттар:**

1. Аристотель. Соч.: В 4 т. - М., 1983. - Т. 4.
2. Вольтер. Философские сочинения. - М., 1989.
3. Гроос К. Душевная жизнь ребенка. - Киев, 1916.
4. Декарт Р. Избранные произведения. - М., 1950.
5. Диоген Лаэртский. О жизни, учениях и изречениях знаменитых философов. - М., 1986.
6. Казакова Н.Т. Феномен игры в философии: методологический анализ. - Красноярск, 1998.
7. Кант И. Сочинения. - М., 1966. - Т. 6.
8. Пико делла Мирандола Д. Речь о достоинстве человека. - М., 1972.
9. Платон. Федр // Диалоги. - М. 1986.
10. Платон. Протагор // Диалоги. - М., 1986.
11. РуссоЖ.-Ж. Трактаты. - М., 1969.
12. Спенсер Т. Основания психологии. - СПб., 1876.
13. Финк Э. Основные феномены человеческого бытия // Проблема человека в Западной философии. - М., 1988.
14. Хейзинга Й. Homo Ludens. Опыт определения игрового элемента культуры. - М., 1992.
15. Шекспир У. Исторические драмы // Полн. собр. соч.: В 8 т. - М., 1956. - Т. 5.
16. Шиллер Ф. Собр. соч.: В 7 т. - М., 1957. - Т. 6.
17. Акматалиев А.Т. Духовный кризис в современном обществе и нравственность. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2022. №. 1. - С. 172-176
18. Акматалиев А.Т. Духовность и нравственность в социально-философском аспекте. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2022. №. 3. - С. 213-216.